# Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ ФАКУЛЬТЕТИ

# Факультеттин тарыхы

**Кыргыз филологиясы факультети алгач 1925-жылы борбор калаада кыргыз жана орус тил мугалимдерин ыкчам даярдоочу эл агартуу борбору катары негизделген.Кийин аталган борбор кыргыз педагогикалык техникум болуп уюштурулат. Борбордон улуттук интеллигенциянын алгачкы мууну А.Осмонов, К.Жантөшев, М.Элебаев, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, Р.Шүкүрбеков, М.Алыбаев ж.б. билим алышкан.**
**1932-жылы педагогикалык техникумдун базасында кыргыз педагогикалык институту уюштурулган, андагы негизги факультеттерден болупк ыргыз тили жана адабияты бөлүмү саналган. Факультетте көптөгөн мугалимдер кыргыз агартуу системасына, илимине жана адабиятына, маданиятына ат көтөргүс кызмат өтөшкөн.**

И.Арабаев, Т.Жолдошев, К.Тыныстанов, Б.Данияров, С.Нааматов, Е.Д.Поливанов, К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев, К.К.Сартбаев, Х.К.Карасаев, Т.Саманчиндер эмгектенишкен. Факультеттин көрүнүктүү окумуштуулары **СССР Мамлекеттик** сыйлыгынын лауреаттыгына **(К.К.Юдахин),** Кыргыз Республикасынын илим боюнча мамлекттик сыйлыгынын лауреаттыгына (К.Артыкбаев, А.Садыков, С.Жигитов, С.Ж.Мусаев) ээ болушкан. Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген(А.Турсунов, А.Садыков, Т.Ахматов, К.Иманалиев, С.Ж.Мусаев),Кыргыз Республикасынын билимине эмгек сиңирген (С.Закиров, Ү.Асаналиев, А.Осмонкулов, И.Исамидинов, С.Шатманов) эмгек сиңирген мугалим (А.Жапаров, Б.Алымов, Б.Үмөталиева, К.Дыйканов, К.Асаналиев) деген ардактуу наамдарга ээ болушкан. Илимге кошкон олуттуу салымдары үчүн К.Кюдахин, Б.М.Юнусалиев, Б.Орузбаева, А.Эркебаев, А.Акматалиев улуттук илимдер академиясынын академигине, ал эми **К.К.Сартбаев, Т.К.Акматов, А.Садыков, А.Турсунов, С.Ж.Мусаевдер** мүчө корреспонденттикке шайланышкан.

**Факультетти бүтүргөндөрдүн арасында улуттук көркөм адабият менен маданиятка чоң салым кошкон калемгерлер да бар. Кыргыз Республикасынын эл жазуучуларынан жана Эл акындарынан болгон Т.Касымбеков, Б.Жакиев, Ж.Садыков, Ш.Бейшеналиев, О.Султановдор М.Байжиев, М.Борбугулов, М.Гапаров, К.Жусупов, М.Тойбаев, К.Асаналиев, К.Артыкбаев, А.Стамов, А.Өмүрканов да дал ушул факультетти аякташкан. Мындан сырткары респуликабыздагы Т.Усубалиев, К.Кулматов, К.Молдобаев сыяктуукоомдук ишмерлер да билим алышкан.**

**Кыргыз филологиясы факультети** – Кыргыз улуттук университеттин уюшулушуна негиз, өзөк болгон, бараандуу салты бар, эң алгачкы факультеттердин бири. Бүгүнкү күндөгү негизги милдети, миссиясы-мурунку барандуу салтты улоо, жандандыруу менен Кыргызстанда заманбап билим берүү системасынын негизинде кыргыз тили жана адабияты, кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде, котормо жана котормо таануу боюнча адистерди, бакалавр, магистр, аспирант, докторанттарды даярдоо; түркология, кыргыз филологиясы боюнча билимдин жана илимдин борборуна айлануу

# ФАКУЛЬТЕТТИН МИССИЯСЫ

Кыргыз филологиясы факультети - кыргыз улуттук илимин түптөп, калыптандырып, өнүктүрүүгө өзүнүн зор салымын кошкон эң алгачкы факультеттердин бири. Бүгүнкү күндөгү негизги милдети - мурунку барандуу салтты улоо менен Кыргызстанда заманбап билим берүү системасынын негизинде түркология, кыргыз тили жана адабияты, кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде, орус, англис тилинен кыргыз тилине которуу боюнча адистерди, бакалавр, магистр, аспирант, докторанттарды даярдоо; түркология жана кыргыз филологиясы боюнча билимдин жана илимдин борборуна айлануу. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууга көмөктөшүү.

# Факультеттин курамы
## 2019-2020-окуу жылында 5 кафедра иштеп жатат.

1.Кыргыз тил илими кафедрасы

2.Кыргыз адабияты кафедрасы

5.Манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасы

3.Филологиялык билим берүүнүн технологиясы кафедрасы

4.Кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде

**Кадрдык курам:** Кыргыз филологиясы факультетинде адистерди даярдоодо кадрлар менен камсыздоосу мамлекеттик билим берүү стандартына туура келет.

Кыргыз филологиясы факультетинде жалпы 56 адам эмгектенет. Анын ичинен 41 штаттык жана 7 айкалыштыруучу окутуучу-профессор, 8 көмөкчү кызматкер бар.

КР ИУАнын корр-мүчөсү-2, илимдин доктору, профессор – 8, илимдин кандидаты-29, доцент - 13, улук окутуучу – 6, окутуучу - 4.

Окутуучулардын жалпы педагогикалык стажы 10 жылдан кем эмес.

# ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Бүгүнкү күндө факультетте төмөнкү адистиктер жана багыттар боюнча адисттер даярдалат:**

| | | |
|---|---|---|
| 531000 | филология (кыргыз тили жана адабияты) багыты боюнча | 4 жыл бакалавр |
| 531000 | филология (түрк тили жана адабияты) багыты боюнча | 4 жыл бакалавр |
| 550001 | мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде | 5 жыл адистик |
| 530003 | Котормо жана котормо таануу (орусча-кыргызча, англисче-кыргызча) боюнча | 5 жыл адистик |

# 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН КОНТИНГЕНТИ

| № | Багыты/ адистиги | Күндүзгү окуу бөлүмү | | | | | | | | | | Сырттан окуу бөлүмү (ДОТ) | | | | | Бардыг |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1-курс | | 2-курс | | 3-курс | | 4-курс | | 5-курс | | 1-курс | 2-курс | 3-курс | 4-курс | 5-курс | |
| | | б/б | к/б | б/б | к/б | б/б | к/б | бб | к/б | б/б | к/б | | | | | | |
| 1 | Филология (кыргыз)<br>Филология (түрк) | 20 | 14<br>12 | 18 | 17 | 19 | 14 | 17 | 21 | - | - | - | - | 22 | 18 | 31 | 211<br>12 |
| 2 | Мам.тил кырг.эмес бил.бер.мек. | 15 | 21 | 9 | 21 | - | 14 | - | 21 | 18 | 11 | - | 18 | 14 | - | - | 162 |
| 3 | Котормо ж.а котормо таануу | - | 12 | - | 9 | - | 11 | - | 16 | - | - | - | - | - | - | - | 48 |
| | Жалпы: | 35 | 59 | 27 | 47 | 19 | 39 | 17 | 58 | 18 | 11 | | 18 | 36 | 18 | 31 | 433 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**Соңку жылдарда кыргыз филологиясы факультетиндеги студенттердин контингентинин өзгөрүшүн байкоого болот.**

| № | Жылы | Саны |
|---|---|---|
| 1 | 2016-2017-окуу жылы | 565 студент |
| 2 | 2017-2018-окуу жылы | 480 студент |
| 3 | 2018-2019-окуу жылы | 470 студент |
| 4 | 2019-2020-окуу жылы | 433 студент |

# Мындай өзгөрүү төмөнкүдөй негизги жагдайларга байланыштуу деп ойлойбуз:

Бюджеттик орундардын кыскарышы  (Маселен, 2014-2015-окуу жылында министрлик тарабынан 100 бюджеттик орун берилсе, кийин 29 орунга кыскарган);
Мурунку 6 жылдык сырттан окуу бөлүмүнүн жоюлушу;

Бишкек шаарындагы жана аймактык жогорку окуу жайларында кыргыз тили жана адабияты боюнча багыттардын жана адистиктердин ачылышы.

# Факультетте төмөнкүдөй багыттар боюнча магистрлер даярдалат:

| | | |
|---|---|---|
| 1. | 531000 | филология (кыргыз тили жана адабияты) |
| 2. | 531000 | филология (түрк тили жана адабияты) |
| 3. | 550300 | филологиялык билим берүү. |

| | Багыттар | Күндүзгү окуу бөлүмү | | | | Сырттан окуу бөлүмү | | бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | | 1-курс | | 2-курс | | 1-курс | 2-курс | |
| 1. | Филология (кыргыз) | бюд. -3 | контр. -13 | бюд. - 5 | контр. - 4; | 20 | 6 | 51 |
| 2. | Филология (түрк) | | контр .-9 | | контр. -8; | | | 16 |
| 3 | Филологиялык билим берүү | | контр. - 14 | | контр. - 8 | | | 22 |
| 4 | Бардыгы | 39 | | 25 | | 20 | 6 | 90 |

**Магистратура бөлүмү боюнча да контингенттин өзгөрүшүн байкоого болот: Анын негизги себебин жаңы багыттардын ачылышы, ишке кириши менен түшүндүрүүгө болот. Маселен, 2017-жылы 550300-*Филологиялык билим берүү*, 2018-жылы 531000-*Филология (түрк тили жана адабияты)* багыты боюнча магистратура бөлүмү ачылып, магистранттар кабыл алынды.**

| № | Жылы | Саны |
| --- | --- | --- |
| 1 | 2016-2017-окуу жылы | 29 магистрант |
| 2 | 2017-2018-окуу жылы | 30 магистрант |
| 3 | 2018-2019-окуу жылы | 56Магистрант |
| 4 | 2019-2020-окуу жылы | 90 магистрант |

# ФАКУЛЬТЕТТИН 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ЖАЛПЫ КИРЕШЕСИ

| | | |
|---|---|---|
| 1 | 2017-18-ОКУУ ЖЫЛЫНДА | 7000000сом |
| 2 | 2018-19-ОКУУ ЖЫЛЫНДА | 9600728сом |
| 3 | 2019-20-ОКУУ ЖЫЛЫНДА | 12294772сом |

# ФАКУЛЬТЕТТИН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫНЫН САПАТТЫК КӨРСӨТКҮЧҮ:

| | |
|---|---|
| 531000 | филология багыты (бакалавриат) боюнча: |
| Илимдин доктору | 7 |
| Илимдин кандидаты | 18 |
| Ага окутуучу | 4 |
| Окутуучу | 3 |
| 550001 | мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде (5 жыл) адистиги боюнча: |
| Илимдин доктору | 3 |
| Илимдин кандидаты | 16 |
| Ага окутуучу | 3 |
| 530003 | Котормо жана котормо таануу(орусча-кыргызча, англисче-кыргызча) (5жыл) адистиги боюнча |
| илимдин доктору | 4 |
| Илимдин кандидаты | 11 |
| Ага окутуучу | 2 |
| Окуутуучу | 2 |

| | |
|---|---|
| 531000 | **филология** багыты боюнча магистратура |
| **Илимдин доктору** | **6** |
| **Илимдин кандидаты** | **13** |

| | |
|---|---|
| 550300 | **филологиялык билим берүү** |
| **Илимдин доктору** | **2** |
| **Илимдин кандидаты** | **9** |

# ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ИШТЕР

**Окуу процессинин уюштурулушу жана окуу пландары**

**Кыргыз филологиясы факультети жогоруда белгилендей, 1 багыт 2 адистик боюнча иш алып барат:**

**Модулдар оозеки түрүндө болот да, жыйынтыктоочу экзамендер жазуу түрүндө жүргүзүлөт. Талапка ылайык тиешелүү окуу пландары 2015-жылдын 15-сентябрында КР БИМ тарабынан бекитилген №8 1179/1 буйрукка ылайык жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде түзүлгөн. Ага ылайык Мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарына жооп берүүчү окуу пландары боюнча студенттер билим алат.**

**2018-жылы “Филология” (кыргыз) багыты боюнча факультет көз карандысыз эл аралык эксперттер жүргүзгөн аккредитациялоо конкурсуна катышып, комиссиянын чечими менен гуманитардык билим берүү багыты боюнча республикада 3 орунду ээлеген.**

## КЕСИПТИ ЖОГОРУЛАТУУ

**2019-жылы факультеттин 35 профессор-окутуучусу ар түрдүү билим берүү мекемелеринде өткөрүлгөн кесипти жогорулатуу боюнча курстарга, семинарларга катышып атайын сертификаттарды алышкан.**


Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасы
СЕРТИФ
«Мамлекеттик тилди жана адабиятты ЖОЖ
көйгөйлөр» аттуу педагогикалык чеберчил
жайлар аралык окуу-методикалык
ыйгарыл
КУУнун мамлекеттик тил жана тарбиялык иштери боюнча
проректору, ф.и.д., профессор
КУУнун факультеттер аралык мамлекеттик тил
кафедрасынын башчысы, ф.и.к., профессор


CERTIFICATE OF A
is pr
Soltonoev
for successful completion of 3 weeks
at Osh State University Facul
American and Tr
Kanybek Isakov
Dr. of Philology, Professor
Rector of Osh State University
Sabyrkul Ka
PhD, Dean of
Languages an


IPR MEDIA
ГРУППА КОМПАНИЙ
IPR BOOKS
ЭЛЕКТРОННО-БИБЛИОТЕЧНАЯ СИСТЕМА
СЕРТИФИКАТ
настоящий сертификат удостоверяет, что
принимал (а) участие в семинаре «Эффективное формирование и актуализация рабочих программ дисциплин с помощью специальных автоматизированных решений ЭБС IPR BOOKS», и подтверждает, что обладатель данного сертификата прослушал программу по использованию возможностей электронно-библиотечной системы IPR BOOKS в сфере образования.
24.05.2019г.
Генеральный директор
ГК IPR MEDIA
Н.Ю. Иванова
2019


СЕРТИФИКАТ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им.Ж.БАЛАСАГЫНА
СЕРТИФИКАТ
Абдразакова
Ректор КНУ им.Ж.Баласагына
IPR MEDIA
IPR BOOKS
СЕРТИФИКАТ
настоящий сертификат удостоверяет, что
Генеральный директор ГК IPR MEDIA
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ
СЕРТИФИКАТ
Абдразакова Гульнира Шарапидиновна
2020-жылдын 27-февралында өткөрүлгөн
«Академик Б. Ө. Орузбаевага 95 жыл»
аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияга
катышкандыгын тастыктайт
Директор, академик
А. А. Акматалиев

# ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

**Факультеттин илимий-изилдөө иши төмөнкү тармактар, багыттар боюнча жүргүзүлөт:**

**Түркология;**
**Кыргыз тил илими;**
**Салыштырма тил илими;**
**Кыргыз адабияты;**
**Фольклористика;**
**Дүйнөлүк адабияттардын байланышы;**
**Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы, педагогикасы.**

**Бул адистиктер боюнча факультетте кандидаттык жана докторлук диссертациялар жазылып, корголууда.**

## 2019-жылы биздин окутуучу-професссорлордун 10 илимий монографиясы жана окуу китептери жарык көргөн:

### Кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде кафедрасы

Бешкемпирова А.И. ««Манас» эпосундагы тууранды сөздөрдүн семантика-стилистикасы» (С.Орозбаковдун жарыяланган вариы боюнча). Монография. Б., 2019. 199-б.-12,5 б.т.

А.И.Бешкемпирова, М.Т.Апышева. Азыркы кыргыз тилинин типтүү программасы. Бишкек – 2019. 48-б.- (3 б.т.)

Жогорку окуу жайларында фразеологизмдерди окутуу. Методикалык колдонмо. Бишкек, 2019.- 6,25 б.т.

### Кыргыз тил илими кафедрасы

Мусаев.С.Ж. Азыркы кыргыз тили графика, орфография. Окуу китеби Бишкек 2019-16б.т.

### Филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасы.

Б.Байсабаев. Ч.Айтматовдун чыгармаларын 5-7,9-класстарда окутуу. Окуу куралы. 2019,-12б.т.

Ошондой эле, 2019-жылы окутуучу-профессордун 36 илимий макаласы ар түрдүү илимий журналдарда жарык көргөн.

Факультеттин окутуучу-профессорлору бул окуу жылында 28 илимий конференцияга катышкан.

Факультетте 2 адабий кече,2 тегерек стол өткөрүлгөн.

Кыргыз филологиясы факультети кыргыз адабияты жа фольклористика адистиктери боюнча диссертациялык кеңештин тен уюштуруучусу болуп саналат.

Кыргыз филологиясы факультети - ачылган күндөн тартып эле илим менен билим берүүнү айкалыштырып келген факультет. Учурунда бул факультет Орто Азиядагы түркологиянын борбору болгон. Факультеттин атактуу окумуштуулары студенттерге мыкты билим берүү менен, түркология, кыргыз филологиясы, педагогика илимине барандуу салым кошуп, фундаменталдуу илимий эмгектерди жаратышкан. Бул жакшы салт бүгүнкү күндө улантылып жатат десек жаңылышпайбыз.






кимде, ошол улуу саналат,
кимде, ошол ыйык жаралат.
Акыл сезгич, билимдүү билгич келет,
Акыл, билим кошулса ойго жетет.


„Профессор
Жумакадыр Дуйшеев
жана сүйлөшүү маданиятынын актуалдуу маселелери"
аттуу



Садыков Абдыкадыр
ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ ФАКУЛЬТЕТИ
Орозалиева Жүрсүн Мухамбетовна
табияты
Орозалиева Жүрсүн Мухамбетовна
КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРИСТИКАСЫНЫН


Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Кыргыз филологиясы факультети
Кыргыз тил илими кафедрасы
ПРОФЕССОР
Бишкек - 2019
Оторбаев Болот Капарович
Оторбаев Болот Капарович
МЕКТЕПТЕ КӨРКӨМ
ЧЫГАРМАНЫ ТАЛДООНУН
ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

# СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ

## КЫШКЫ СЕССИЯНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ МЕНЕН 17 СТУДЕНТ СТИПЕНДИЯГА ЖЕТИШТИ

1-КУРС КТА (Б) 1-19

1. АКЫЛБЕКОВА АЙЗАТ
2. БЕРДАЛЫ КЫЗЫ ДИНАРА
3. АБДЫЛДАЕВА ШАХЗАДА
4. ЖАНЫШБЕКОВА САЙКАЛ
5. ЖУМАГУЛОВА БУРУЛАЙ
6. МАМУТОВА ЖАНАРА
7. САМЫЙБЕК КЫЗЫ НУРКЫЗ

1-КУРС КТАОМ (Б) 1-19

1. КЕНЖЕБЕКОВА АЙЗАДА
2. БАЙГАЗИЕВА ДИАНА
3. РАСУЛОВА НАГИМА
4. ИСАКОВА НУРАЙ

3-КУРС КТА (Б) 1-17

1. БАРНАЕВА АДИНА
2. АСАНБЕКОВА АЛИНА
3. ТАБЫЛДЫ КЫЗЫ АКЫЛАЙ
4. ПАЗЫЛОВА АЙДАНА
5. КУБАНЫЧБЕКОВА АЙГЕРИМ

4-КУРС КТА (Б) 1-16

1. ТЕМИРКУЛОВА АЗИЗАТ

# ФАКУЛЬТЕТТИН БАШКА ОКУУ ЖАЙЛАРЫ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТАРЫ ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДУҮҮЛҮГУ

**1.Кыргыз тил илими кафедрасынын профессору, ф.и.д. Т.С.Маразыков 2017-2019-окуу жылдарында Кытай Республикасынынын Урумчи шаарындагы Синьзян педагогикалык университетинде педагогикалык жана илимий ишмердүүлүгүн аткарып келди.**

**Кыргыз тил илими кафедрасынын профессору, ф.и.к. Б.А.Жайлообаев Түркия мамлекетинин Чанаккале шаарындагы 18-март университети менен өз ара кызматташуу жана мобилдүүлүктү иш жүзүнө ашыруу максатында 3 жума барып лекция окуп келди.**






МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ


THANK YOU


Osh State


ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ МЕЖДУНАРОДНЫХ СВЯЗЕЙ ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА
INTERNATIONAL RELATIONS DEPARTMENT OF OSH STATE UNIVERSITY
ӨЛКӨЛӨР
СТРАНЫ
COUNTRIES 31
УНИВЕРСИТЕТТЕР
УНИВЕРСИТЕТЫ
UNIVERSITIES 149
ӨНӨКТӨШТӨР
ПАРТНЕРЫ
PARTNERS

# Учурда факультет эл аралык байланышты күчөтүү үстүндө кызуу иштеп жатат.

Москвалык мамлекеттик лингвистикалык университети (Россия федерациясы) менен көп жылдардан бери байланышыбыз бар. Биздин айрым окутуучу-профессорлорубуз бул университеттен стажировкадан өтүп келишкен. Учурда Мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде кафедрасынын мурдагы доценти, ф.и.к., Жеңишгүл Байтерекова ошол университетте иштеп жатат. Азыр илимий, окуу-методикалык иштер, өз ара стажировка ж.б. маселелер боюнча биргелешип иштөө тууралу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз.

**Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университети (Россия федерациясы) менен кызматташуу, байланышуу жигердүү жүрүп жатат десек жаңылышпайбыз. Маселен, Бул университеттин башкыр филологиясы факультети менен өз ара илимий, окуу-методикалык иштер жүргүзүлдү. Маселен, башкыр филологиясы факультетинде “Манас” эпосу, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы, Кыргыз эл акыны Ж.Садыковдун драмалары боюнча, кыргыз филологиясы факультетинде башкыр эл акыны М.Каримдин чыгармачылыгы боюнча дипломдук, курстук иштер жазылды. Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, профессор Р.М.Ассадулиндин педагогика боюнча монографиясын кыргыз тилине которуудa факультеттин окутуучу профессорлору катышты. Башкыр эл акыны М.Каримдин 100 жылдыгына карата кыргыз филологиясы факультетинде анын кабинетин ачуу пландаштырылган. Ошондой эле Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетине факультеттин окутуучу- профессорлорун илимий иш сапарга жиберүү тууралу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз.**

**Кытай Эл Республикасынын Урумчи шаарындагы Синьцзян педагогикалык университети менен 2012-жылдан бери келишимдердин негизинде өз ара бир канча иштер жүргүзүлдү. Маселен, Синьцзян педагогикалык университетинде жаңы ачылган кыргыз тили, адабияты бөлүмү үчүн биздин факультеттин окутуучу-профессорлору тарабынан жалпы 86 б.т. көлөмүндө окуу куралдары жазылган. Мисалы: Азыркы кыргыз тили (35 б.т.), Манас таануу илиминин калыптанышы (17 б.т.), Адабият теориясы (18 б.т), Айтматов таануу (16 б.т.).**

**2012-2015-жылдары, башкача айтканда 3 жыл өз ара фольклордук-диалектологиялык экспедициялар, педагогикалык практикалар уюштурулган. Эки университеттин келишимдеринин негизинде белгилүү тилчи-окумуштуу, ф.и.д., профессор Т.С.Маразыков Синьцзян педагогикалык университетинде иштеп келди.**

**Эгемендүүлүүккө ээ болгондон бери факультет Түркия Республикасынын жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта иш жүргүзүп келет. Акыркы жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Түркиянын бир канча университетеринин ортосундагы “Мевлана” алмашуу программасы аркылуу Б. Жайлообаев Сакария, Кастамону, Чанаккале университеттери менен өз ара кызматташуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Бул боюнча ноябрь айында Чанаккале университетине иш сапар менен барып келди.**

## Эл аралык байланышты күчөтүү максатында факультетте төмөнкүдөй жолугушуулар уштурулду :

Казакстан Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин демилгеси менен кыргыз - казак адабий байланышына арналган жолугушу кечелери уюштурулуп турат. Анда биргелешип жогорку билимдүү адистерди, магистр, аспиранттарды даярдоо, түркология, котормо таануу, терминология маселелери боюнча мындан ары биргелешип иштөө боюнча сунуштар, сүйлөшүүлөр болду.

2.Ошондой эле, Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлдөрү, Өзбек улуттук университетинин белгилүү окумуштуулары, акын,жазуучулары менен жолугушу кечелери өткөрүлүп, бул жолугушууларда мындан ары өз ара кызматташуу, мурунку байланышарды жандандыруу, фольклордук-диалектологиялык экспедиция боюнча да сүйлөшүүлөр жүргүзүлду

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**Кыргыз филологиясы факультети**

# “ИЗ КАЛТЫР” студенттик клубу







# Турдубаева Назгүл
# УФА шаарында




С МЕЖДУНАРОДНЫМ УЧАСТИЕМ
ПОСВЯЩЕННАЯ 150-ЛЕТИЮ
ПЕРВОЙ «ГРАММАТИКИ АЛТАЙСКОГО ЯЗЫКА»
г. Горно-Алтайск, 18–22 июня 2019 г.


в Р.Х.,

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА

**Кыргыз филологиясы факультетиндеги билим берүү программаларында төмөнкүдөй практикалардын түрү ишке ашырылат:**

**Фольклордук-диалектологиялык практика** 531000-филология (кыргыз тили жана адабияты) багыты жана 550001-мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде (5 жыл) адистигинде 2-курстун аягында пландаштырылган. Атайын каржат бөлүнбөгөндүктөн Студенттер өзүлөрү жашаган аймактардан материал жыйнап келишет.

**Котормо практикасы** 530003-Котормо жана котормо таануу адистигинин окуу планы боюнча 3-4-курстун аягында пландаштырылган.

**Педагогикалык** практика 531000-филология (кыргыз тили жана адабияты) багытынын студенттери пед.практиканы (3жума) Ж.Баласагын а ат.КУУнун Бишкек шаарынын № 1,51,58 мектептеринен өтүп келишет.

550001-мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде адистигинин студенттери 4-курста пед.практиканы (4 жума) Бишкек шаарынын № 1,51,58 мектептеринен өтүп келишет.ошол эле адистиктин 5-курсу пед.практиканы (7 жума ) Бишкек шаарынын № 1,51,58 мектептеринен өтүп келишет.


МАМЛЕКЕТТИК ТИЛГЕ 30 ЖЫЛ


АДАБИЯТ - АК НИЕТ, ИЧИ ТАЗА
АДАМДАР ГАНА КИРЕ ТУРГАН ХРАМ




В МИРЕ СКАЗОК

# МАТЕРИАЛДЫК ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

Факультеттин кафедраларында студенттер үчүн лекциялардын тексттери иштелип чыгарылган. Негизги предметтер боюнча окуу-методикалык комплексттер түзүлгөн. 2019-жылы факультеттин китепканасына 2000ге жакын илимий окуу методикалык жана көркөм чыгармалар жыйнагы алынып келинди.

Кыргыз тили, адабияты, дүйнөлүк адабият жана кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы боюнча ар түрдүү аудио-видеоматериалдар бар.

Факультетте 1 китепкана. 1 окуу залы, 4 лекциялык зал, 10 аудитория, 1 компьютердик класс жана 5 кафедра, 3 окуу методикалык кабинет бар.

# ФАКУЛЬТЕТТИН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ

**Биздин окутуучу-профессорлорубуздун эмгектери жогору бааланып,төмөнкүдөй сыйлыктарга ээ болушту:**

Маселен, төмөнкү агай-эжейлерибиз **Б.Жайлообаев, Б.Байсабаев, М.Апышева А.Б.Табалдиева, Г.Абдразакова, Э.Акунов, Г.Абдыкадырова** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өркүндөтүүгө кошкон зор салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан “Кыргыз тили” төш белгиси менен сыйланды.

**Ал эми доцент Н.Ы.Осмонова КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы менен сыйланды**.

Проф. **Г.Т.Жаманкулова жана доцент Б.Баймырзаев КР ББжИМнин** “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси менен сыйланган

**Проф. С.Мусаев** 3-даражадагы „Манас“ ордени, Укук коргоодогу зор салымы үчүн „Ардак“ медалы, Шериктеш“ жана КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин 100 жыл юбилейлик медалы менен сыйланды.



# ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР
















ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
№5 жатаканасы
КОШ КЕЛИҢИЗДЕР!




4/5




MEDIA
КАРЬЕРА
СЕРТИФИКАТ
Бакытбекова Мунарага


Демосфен



СЕРТИФИКАТ

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮ ЖУМУШ ОРДУ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ

**2018-2019-окуу жылында 43 бүтүрүүчүнүн 37си жумуш менен камсыздалган, 6 бүтүрүүчү сунуш кылынган вакансиялык орундардан тышкаркы мекемелерде иштеп жатат, тактап айтканда, 84% мектепте, 16% башка мекемелерде иштеп жатат.**